**УДК 378.091.**

**Абдыбекова Нурмира Абдыбековна**
*Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясы, педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.*
**Добаев Кыргызбай Дуйшенбекович**
*Кыргыз билим берүү академиясы, педагогика илимдеринин доктору, профессор,*
**Аскеров Марс Жумабекович**
*Күрөш өнөрү боюнча олимпиадалык резервдеги балдар жана жаштар үчүн адистештирилген спорт мектеби, тренер, дзюдо боюнча окутуучу,*
*Бишкек ш., Кыргыз Республикасы*
*nurmira.abdibekova@manas.edu.kg*

# БОЛОЧОК ДЕНЕ ТАРБИЯ АДИСТЕРИН КЕСИПТИК ЖАКТАН ДАЯРДООНУН ИННОВАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

***Корутунду.*** *Бул макалада англис тили сабактарында жүргүзүлгөн эксперименттин натыйжалары каралат. Англис тилин окутуу процессине CLIL предметтик-тилдик интеграцияланган окутуу киргизилген. Эксперименталдык топтун студенттери менен интеграцияланган сабак талкууланат. Кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары компетенттүүлүк мамиленин негизинде иштелип чыккан.*

***Негизги сөздөр****: сүйлөө ишмердүүлүгү, Multiple intelligences теориясы*, *адистикке багыттап окутуу, экперимент, онлайн окутуу.*

# ИННОВАЦИОННЫЕ ТЕХНОЛОГИИ ПОДГОТОВКИ БУДУЩИХ СПЕЦИАЛИСТОВ ПО НАПРАВЛЕНИЮ ФИЗИЧЕСКАЯ КУЛЬТУРА

***Аннотация.*** *В данной статье рассматриваются результаты проведенного эксперимента на занятиях английского языка. Предметно-языковое интегрированное*

*обучение CLIL внедрен в процесс обучения английскому языку. Обсуждается интегрированное занятие со студентами экспериментальной группы. Педагогические условия формирования речевой деятельности разработанны основе компетентностного подхода.*

***Ключевые слова:*** *речевая деятельность, теория multiple intelligences, профессионально-ориентированное обучение, эксперимент, онлайн обучение.*

# INNOVATION TECHNOLOGY OF THE PREPARATION FUTURE SPECIALISTS IN THE FIELD OF PHYSICAL CULTURE BY SPECIALTY

***Abstract.*** The article is about results of pedagogical experiment at the English lessons. Language-based integrated learning CLIL is being introduced into the process of teaching English. The integrated lesson with students of the experimental group is discussed. The pedagogical conditions of formation students' speech activity skills based on competence way.

***Keywords:*** speech activity, Multiple intelligences theory, vocational-oriented teaching, experiment, on-line teaching.

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Кыргызстан бүгүнкү күндө ааламдашуунун алкагында, дүйнөдөгү бардык өлкөлөр менен маданий, саясий, экономикалык, спорттук жана эл аралык карым-катнаш мамилелерди түзүү менен дүйнөлүк мейкиндикте өз ордун аныктоодо. Эл аралык тилдерди эркин колдонуу өзгөчө Бириккен улуттар уюмунун расмий тили болгон англис тилинде жогорку билимдүү болуу, өсүп келе жаткан муундарга жана адистерге глобалдык процесстерге активдүү катышууга мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтет. (ЮНЕСКОнун эл аралык комиссиясынын XXI кылымдагы билим берүүнүн стратегилык өнүгүүсү жөнүндөгү) «Билим – көмүскө байлык» аттуу билдирүүсү жана *мамлекеттик* (2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасынын улуттук өнүгүү стратегиясы) документтер менен нормативдик деңгээлде декларацияланат [2, 27-б].

Бардык тармактын адистери үчүн коомдук-маданий, окуу-тарбиялык, мелдештик, профессионалдык, илимий, инвестициялык багытта англис тилинде сабаттуу болуунун мааниси зор.

Студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандырууга байланыштуу педагогикалык, психологиялык, филологиялык адабияттарды анализдөө кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрү тактоого жардам берди: ***сүйлөй билүү, уга билүү, окуй билүү, жаза билүү***.

XX кылымдын аягында англис тилин окутуунун методикасында бир топ өзгөрүүлөр болуп, жаңы технологиялар иштелип чыккан. Биздин окуу процессибизде англис тилин окутуунун предметтик тил комплекстүү окутуу методикасы CLIL (Content and Language Integrated Learning) апробациядан өттү. CLIL термини эң биринчи 1994-жылы Дэвидом Маршем жана Анна Мальерс (Финляндия) тарабынан адистиги тил эмес багытындагы адистерди чет тилинде окутуунун методологиясы катары киргизилди. Испания, Италия, Россия, Францияда практикада кеңири тараган [2, 122-б]. Кыргызстандын жогорку окуу жайларында жана пилоттук мектептерде киригизилип жатат.

Студенттерди Multiple intelligences технологияларынын негизинде окутуу; окуу процессине англис тилин окутуунун предметтик тил комплекстүү, адистикке багыттап окутуу методикасы англис тили сабактарында аудитордук жана аудиториядан тышкаркы сабактар ишке ашты.

1983-жылы адамдын акыл-эс иделлектин жана жөндөмдүүлүгүн текшерүү максатында Гарвард университетинин профессору Dr. Howard Gardner тарабынан «Multiple intelligences»

теориясы иштелип чыккан. Окумуштуу Х.Гарднердин изилдөөсүндө «Multiple intelligences» – көп багыттуу адамдын ар нерсеге болгон 8 шыгы туралуу теориясы. Чет тилин окутууда Гарднердин теориясын колдонуп, ар бир баланын шыгына жараша мамиле жасоо менен бирге сабактын сапатын жогорулатуу мүмкүнчүлүгүн белгилейт.

«Интеллект – адам тарабынан маселени чечүүнүн же ойлоп табуунун жыйынтыгы» [3, 72-б]. Дене тарбия багытындагы студенттер тест аркылуу төмөндөгү көп багыттуу теориясынын негизинде текшерүүнү изилдөөгө алдык:

- **Logical / Mathematical** – логико-математикалык тапшырмаларды мыкты өздөштүргөн инсандар, сандарды, телефон номерлерин эсине тез тутат. Финансист, экономист, механик, аналитик, программист адистиктерин тандай алышат.
- **Linguistic** - лингвисттик б.а. тил үйрөнүү, ыр жазуу таланты жогору. Келечекте акын, жазуучу, мугалим, лингивист, актер, спикер, манасчы, котормочу боло алышыт.
- **Interpersonal** - адамдар менен бат тил табышат, креативдүү жуп менен иштөө; критикалык топ менен баарлашуу тапшырмаларын мыкты өздөштүрүшөт. Алардын арасынан политик, окутуучу, ресепшн кызматкерлери, сатуучу, консилер жана лидерлер көп чыгат.
- **Kinesthetic/Bodily -** физикалык көнүгүүлөрдү мыкты аткарып, спорт жаатында жогорку көрсөткүчтөргө жете алышат. Мыкты хирург, стоматолог, спортсмен, чемпион, спорт чебери, эмгек сиңирген машыктыруучу жана актердук чеберчиликтерине жетише алган адамдар чыгат.
- **Visual/Spatial** - көрүү жөндөмдүүлүгү жогору; графика, дизайн, сүрөт менен иштөөнү жактырышат. Мыкты инжинер, сүрөтчү, мода координатору, конструктор, визажист, үй куруучу, дизайнер, архитектор кесиптерин тандаса болот.
- **Musical/Rhythmic** - музыкага шыктуу, ритм, мелодияны бат кабыл алып, музыкалык инструментти дагы жакшы өздөштүрөт. Музыкалык сабаттуулугу жогору композитор, бийчи, режиссер, музыкант, ырчылар адистиги сунушталат.
- **Intrapersonal -** өз алдынча тапшырманы аткарууну жактырышат, сезимтал келишет жана келечекте окумуштуу, ойчул, программист, изденүчүү, бухгалтер боло алышат.
- **Naturalistic -** жаратылышты, жаныбарларды, өсүмдүктөрдү өстүрүүнү жана изилдөөнү жактырышат. Келечекте океанографист, фермер, астронафт, зоолог, биолог адистиктерин тандай алышат.

Жогоруда айтылган интеллектин түрлөрү ар бир инсанда калыптанган. Ал эми биз КМДТжСАнын студенттеринин кеп ишмердүүлүгүн жана жогорудагы алынган интеллект жөндөмдүүлүгүн арттыруу максатында ар түрдүү аудитордук жана аудиториядан тышкаркы англис тили сабактарын байма-бай өтүп эксперименттик сыноодон текшердик.

**Изилдөөдөн алынган жыйынтыктар.** Англис тили сабагында кесипке багыттап окутуу технологиясы иштелип чыгылып, 532 000 «Дене тарбия жана спорт» багытындагы студенттер жана магистранттар үчүн жумушчу программалары түзүлүп, окуу процессине киргизилди.

Билим берүүнүн башкы приоритети окутуунун сапатын жакшыртуу жана профессионалдуу адистерди тарбиялоо. Билим берүүнүн Мамлекеттик стандарты, окуу планы, Англис тили боюнча жумушчу программаларынын негизинде 360 барактан турган окуу куралы Билим берүү жана илим министрлигинин грифи менен типографиядан басылып чыгарылды. Улуттук спорттун түрлөрү боюнча кыскача англисче-кыргызча түшүндүрмө сөздүк-справочниги; англисче-кыргызча-орусча сөздүк спорттук терминилогиянын

негизинде түзүлдү. Буга чейинки окуу куралдар грамматикага басым жасалса, *«Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү»* аталышындагы окуу куралдары кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруу үчүн кесиптик адистигине багытталып, оозеки, жазуу иштери аудио угузуу, видео көрсөтүү CD диск менен берилип, башка окуу куралдарынан айырмаланып турат. Окуу куралынын материалдары кызыктуу, критикалык ой жүгүртүүнү ичине камтыган текстке чейинки жана тексттен кийинки кырдаалдык көнүгүүлөр түшүнүктүү; оюн, сүрөт, таблица, кластер, синквейн, диаграмма тибинде ыңгайлаштырылган. Студенттер өз алдынча иштөөгө үйрөнүштү; интеллектуалдык ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө, мекенин сүйүүгө, аяр мамиле жасоого, адептүүлүккө тарбиялоодо чоң салым кошту. «Англис тили», «Профессионалдык чет тили» дисциплинасы боюнча жумушчу программасы түзүлгөн. Буга чейинки программалар 20 пайыз дене тарбия боюнча темалар түзсө, ал эми биз иштеп чыккан жумушчу программа, окуу куралдары, көнүгүүлөр системасы алардын кесиптик адистигине багытталып, 80 пайыз дене тарбия жана спорт, 20 пайыз жалпы темалар түзөт. Студенттерди кесипке багыттап окутуу технологиянын негизинде сабак кызыктуу, далилдүү жана жеткиликтүү уюштурулган. Студенттер тандап алган спортунун түрү боюнча спорттук терминологияны колдонуп, так, туура, маданияттуу сүйлөөгө үйрөнүштү.

***Он беш коммуникативдик көнүгүүлөр системасы*** кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүчү; грамматикалык жөндөмүн; сөз байлыгын жана ой жүгүртүүсүн өстүрүүчү, дароо жооп табуучу акыл-эс көнүгүүлөр студенттердин интеллектуалдык ой толгоосун өстүрүү максатында кырдаалдык окутуу аркылуу берилген. Сынчыл ой жүгүртүп таанып билүүгө, салыштырууга, талдоого жана англис тилин чыгармачылык менен үйрөнүүгө көнүгүүлөр системасы мүмкүнчүлүк ачты. Диалог, монолог, көңүлдүү текст түзүү, фронталдык суроолорго жооп табуу, белгилүү спортсмендердин сырткы келбетин сүрөттөө, интервью алуу, ыр ырдоо, видео-аудио угузуу тапшырмалары менен индивидуалдуу иштөө, жуп менен иштөө, топто иштөө, талкуу, дебат, дисскуссия менен практика жүзүндө тастыкталды.

Изилдөөнүн натыйжасында ***англис тили сабагында дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун моделин*** иштеп чыктык. Модель окуу процессин дене тарбия багытындагы студенттерди кесипке багыттап окутуу технологиясын уюштурууга көмөктөшүп, педагогикалык шарттар; сабактын түзүлүшүн; коммуникативдик көнүгүүлөр системасын камтып, окутуу коммуникативдик компетенциянын негизинде көрсөтүлдү.

Интеграцияланган сабактар англис тилиндеги лексикалар студенттердин өзүлөрүнүн тандап алган спортунун түрү боюнча (баскетбол, волейбол, тогуз коргоол, ордо, жеңил атлетика, футбол ж.б.) спорттук оюндардын ойнолушу менен коштолду. Мындай ыкмалардын артыкчылыгы студенттер тарабынан англис тилинде спорттук терминологияны бат кабыл алып, оозеки сүйлөө кебинде эркин колдонуусунда байкалды.

Англис тили сабагында атайын педагогикалык шарттарды колдонуу кыска убакыт ичинде студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун технологияларынын натыйжалуулугун берди.

Көнүгүү дене тарбия багытындагы студенттердин билим, ыкма, билгичтерин, инсандык сапаттарын, кеп адебин, англис тилин окутуунун сапатын жаңы баскычка көтөрүүнүн зарыл шарты болуп берет. Студенттер сүйлөй турган сөзүн даярдап, фронталдык суроолорго жооп берүүгө, жүрүм-турум маданиятын калыптандырууга, этикет эрежелерин сактоого көнүгүшөт. Кепти автаматташтыруу калыптанат. Ошол эле учурда диалогту инцинировкалоо, маекти улантуу, жазуу түрүндө диалог же монолог түзүү, диалогту угуп,

айтып берүү, окуу ж.б.у.с. тапшырмалар диалогдук кепти өстүрүүдө чоң роль ойнойт. Практика көрсөткөндөй, жогоруда айтылган диалогдук кептин компоненттери баарлашууда чоң жардам берет жана педагогикалык шарт түзөт. Англис тилин үйрөтүү процессинде студенттер даяр үлгүлөр жана конструкциялар менен диалог түзүү алда канча жеңил.

Эң негизги кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрүн калыптандырууда кырдаалдык окутуу, интегративдүү, кептик компетенттүүлүктүн жана Multiple intelligences теориясынын негизинде окутуу мыкты ыкма деп табылды.

Студенттердин англис тили боюнча алгачкы билим деңгээлин аныктоонун жыйынтыгы 2-таблицада берилген. 246 студенттин ичинен англис тили боюнча окуу, угуу, сүйлөө, жазуу боюнча алгачкы билим деңгээли жогорку – 18, орто – 42, төмөн - 186 болгон.

Дене тарбия багытындагы окуган студенттердин кеп ишмердүүлүгү билим, билгичтик, көндүмдөрдү калыптандыруу менен англис тилин окутуунун жыйынтыгы төрт модуль аркылуу ишке ашырылды.

Эксперименттен кийин сүйлөө ишмердүүлүгү, угуу түшүнүгүнүн билими, окуу, жазуу ишмердүүлүгү жогорку - 59, орто - 179, төмөн - 8. Билим, билгичтик, көндүмдөрдү калыптандыруучу эксперименттен кийин билим деңгээлинин көрсөткүчтөрү 25% жогорулагандыгын байкадык. 2-сүрөттө экспериментке катышкан студенттердин факультеттер арасындагы көрсөткүчтөрү берилди. Педагогикалык эксперименттин жыйынтыгында эксперименталдык тайпа окуу жылынын аягында кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүн өздөштүргөн.

Студенттердин кеп ишмердүүлүгү эксперименттин аягында окуган адистиги боюнча тексттерди түшүнүп, оозеки диалог, монолог айтып берүү көндүмү; спорттук темада интервью, репортаж учурунда суроолорду түзүп, сүйлөй билүүсү; жазуу иштеринде эссе, дил баян жаза билүү жана аудио жана спорттук мелдештердин видео материалдарын уккандан кийин өз оюн түшүндүрүү билгичтиги жана билими жогорулады.

Изилдөөнүн жыйынтыгында, негизинен белгиленген максатка жеттик деп эсептейбиз жана алдыга коюлган милдеттер толук аткарылгандыгын белгилейбиз. Тажрыйбага чейинки жана кийинки натыйжалар сандык жана сапаттык жактан жыйынтыкталып, сунушталган ыкма, каражат, методдорду колдонуу менен өтүлгөн ачык сабактардын жетишкендиктери текшерүүчү топтор менен эксперименталдык топтордун ортосундагы өсүш 56 баллдан 86 баллга чейин жогору көтөрүлгөндүгүн тастыкталды.

Кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун моделинин эффективдүүлүгү жана тилдик-коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу окутуучу менен студенттин биргелешкен иш-аракети аркылуу берилди. Англис тилинде кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрү: сүйлөө, угуу, окуу, жазуу боюнча *он беш коммуникативдик* көнүгүүлөр системасын студенттердин кесиптик адистигине багытталып, «Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү» аталышындагы окуу куралын иштеп чыгуу англис тилинин деңгээлин өздөштүрүүгө олуттуу салым кошту деген ойдобуз.

Ошентип, изилдөөнүн предметине жана максатына негизделген чет элдик жана Кыргызстандагы англис тилин окутуу тажрыйбасына таянуу, изилдөөнүн логикасына адекваттуу методология жана методдор дене тарбия жана спорт багытында билим алып жаткан болочок мугалимдердин жалпы кесиптик жана атайын компетентүүлүгүн калыптаныдруунун педагогикалык шарттарын жана инновациялык технологиясын иштеп чыгуу аралыктан окутуу аркылуу ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берди [5, 165-б].

Дене тарбия жана спорт» багытындагы окуган болочок мугалимдердин жалпы кесиптик компетентүүлүгүн калыптандыруу аралыктан окутуу аркылуу ишке ашырылды.

«Abdybekova Nurmira» YouTube автордук каналында видео сабактардын циклы адистиги тил эмес багытындагы окуган болочок адистер үчүн үч багытта берилет:

- English language for non-philological specialties;
- Kyrgyz language for non-philological specialties;
- General pedagogy and innovation technology.

Адистиги тил эмес багытындагы окуган болочок адистер Google classroom, ZOOM, Cisco Webex meetings; YouTube автордук каналы, Google meet платформалар аралыктан окутуунун негизинде окуу процессине жайылтылган. Google classroom платформасынын жардамында «Дене тарбия жана спорт» багытындагы студенттердин презентация, реферат, эссе, жат жазуу, дил баян, тест жазуу иштери жүргүзүлгөн. ZOOM, Cisco Webex meetings, Google meet платформалары аркылуу конференция, семинар, дебат сабактары уюштурулган [4, 15-б].

Биз келечекте «Дене тарбия жана спорт багытындагы студенттер үчүн англис тили сүйлөө кебин өстүрүү» - деген окуу куралын, атайын кошумча окуу программасын адистиги тил эмес багыттагы жогорку окуу жайлардын факультеттерине жана машыктыруучуларды даярдоо билимин жогорулатуу курсатарына, англис тили дисциплинасын өтүп жаткан окутуучуларга коммуникативдик көнүгүүлөр системасы катары сунуштап, окуу планында орун алган мазмунуна кошумча саат бөлүп, колдонууга сунуштайт элек. Себеби, бала бакчадан тартып, мектеп жана жогорку окуу жайларда көп тилдүүлүк терең глобалдык процесстерге биригүүгө мүмкүнчүлүк берүүдө. Көп тилдүүлүк, көп маданияттуулук шартында инсандын калыптануусуна жана анын социалдык жактан ыңгайлашуусуна чет тилдери чоң өбөлгө түзөт. Чет тилдеринин ичинен англис тили адистерин даярдоодо англисче коммуникативдик компетентүүлүгүн, баарлашуу маданиятын калыптандырууга, жалпы кептик өнүгүүсүнө таасирин тийгизет. Азыркы мезгилде Кыргызстанда кесиптик мобилдүүлүк көйгөйү биринчи орунга чыкты. Педагогикалык жогорку окуу жайлардын дене тарбия багытындагы бүтүрүүчүсү коммуникациялык көндүмдөргө, англис тилин билүүгө да ээ адис болууга тийиш.

## Адабияттар


1. Хайрутдинова Т.А., Валеев А.А. Педагогические условия формирования конкурентоспособности студентов средствами дисциплин гуманитарного цикла в образовательном пространстве ССУЗ [Текст] // Фундаментальные исследования. – 2013. №102. – С. 428-431.
   URL: https://www.fundamental-research.ru/ru/article/view?id=32298.
2. Абдыбекова Н.А., Супатаева Э.А. Новые образовательные технологии обучению английскому языку студентов спортивного профиля [Текст] // Вестник физической культуры и спорта. «Актуальные проблемы науки, образования, теории и практики физической культуры и спорта» Межд. Научно-практ.конф. (2017. №1(3), Бишкек) - Бишкек, 2017. – С. 122-126.
3. Bocholoeva A. Special Education and Differentiated Instruction [Текст] // Training Course Materials for English Teachers. Bishkek, – 2016. – P. – 72.
4. Абдыбекова Н.А., Муратбек уулу С., Аскалиев Б.Ж. Аралыктан окутууда студеттердин жалпы профессионалдык компетенттүүлүгүн калыптандыруу / Известия КГТУ им.

И.Разакова 2020. №4 (56). - С. 15-22. [Электронный ресурс] – Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=45705375.
5. Абдыбекова Н.А., Кулгожаев А.Ж. Инновационные технологии формирования речевой деятельности студентов. / Н.А.Абдыбекова, А.Ж.Кулгожаев / Научные исследования в Кыргызской Республике Издательство: Высшая аттестационная комиссия при Правительстве Кыргызской Республики. № 4, Б.: 2019. - С. 162-167. [Электронный ресурс] – Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=44048255.
6. Национальная стратегия развития КР на 2018-2040 годы. – Бишкек, 2018. - 27 с.